«Кабыл алынды»

И. Арабаев атындагы КМУнун

Окумуштуулар кеңеши

№ 1 протокол

«29» сентябрь 2023-ж.

«Бекитилди»

И. Арабаев атындагы КМУнун

ректору А.А. Абдраева

«__» ________ 2023-ж.

**И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жарды жана башка категориядагы окуучуларына, студенттерине университетте окугандыгы үчүн жана университеттин жатаканасында жашагандыгы үчүн төлөмдөрүнө жеңилдик чектөө боюнча комиссиянын**

**Жобосу**

1. Ушул жобо Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндөгү" Мыйзамы, коллективдүү келишим жана И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Уставы менен жөнгө салынат.

2. Комиссия күндүзгү бөлүмдө билим алып жаткан жарды жана башка категориядагы социалдык колдоого муктаж окуучулар менен студенттерге университетте окугандыгы үчүн жана университеттин жатаканасында жашагандыгы үчүн жеңилдиктерди ушул жобого ылайык ыйгарат.

3. Окугандыгы үчүн жеңилдик күндүзгү бөлүмдүн экинчи курсунда билим алып жаткан окуучуларга жана студенттерге гана берилет, **өзгөчө шарттарда** биринчи курстагыларга да чектелет.

4. Комиссия күндүзгү бөлүмдө билим алып жаткан студенттердин арызын жана тиешелүү документтери болсо, ар бир окуу жылынын башында карайт. Ошондой эле зарыл болгон учурда комиссиянын арызды окуу жылынын ичинде кароого укугу бар.

5. Окугандыгы үчүн төлөмдөр жана Кыргыз мамлекеттик университетинин жатаканасында жашагандыгы үчүн материалдык жардам иретиндеги жеңилдиктерди алганга төмөнкүлөр укуктуу:

- ата-энелеринен кароосуз калган же тоголок жетим окуучулар жана студенттер;
- жарды жана толук эмес үй-бүлөдөн деп эсептелген окуучулар жана студенттер;
- жалаң «жакшы» жана «эң жакшы» баага окуган, көп балалуу үй-бүлөдөн чыккан (18 жашка жете элек, беш же андан көп балалуу) окуучулар жана студенттер;
- республиканын табигый кырсыктардан жабыр тарткан региондорунда жашаган окуучулар жана студенттер;
- 1-3-топтогу ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген окуучулар жана студенттер;
- Чернобыль атомдук электр станциясындагы авариянын жабырлануучуларынын, Кыргыз Республикасынын территориясында жана башка өлкөлөрдө согушка катышкандардын окуучу жана студент балдары;
- жогорку спорттук жетишкендиктерди жараткан окуучулар жана студенттер;
- ата-энелери кызматкер жана окутуучу болуп Кыргыз мамлекеттик университетинде 5 жылдан кем эмес иштегендердин окуучу жана студент балдары;
- университеттин бардык коомдук иш-чараларына ар дайым активдүү катышкан, окууда өзгөчө айырмаланып эң мыкты окугандар (студенттик өкмөттүн, университеттин ШТКсынын, өздүк көркөм чыгармачылыктын мүчөсү болуп эсептелгендер).

5. Окуу үчүн төлөмдөрдүн жеңилдиктеринин көлөмүн түзүмдүк бөлүмдөрдүн өтүнүчү боюнча комиссия чектейт **(университеттин түзүмдүк бөлүмдөрүнүн**

**администрациясынын жана профсоюздук бюросунун чечими менен директордун, декандын, профсоюздук бюронун торагасынын жана комиссиянын мүчөлөрүнүн колу коюлган протоколдун негизинде)**

6. Сессиянын жыйынтыгына же тартибине карап, комиссия окуучуга жана студентке окуу үчүн төлөмдөргө берилген жеңилдикти алып салганга укуктуу.

7. Окугандыгы үчүн жеңилдиктер жана университеттин жатаканасында жашагандыгы үчүн жеңилдиктер *Кыргыз Республикасынын жарандарына гана* берилет.

8. Төлөм үчүн жеңилдиктер атайын комиссиянын жеңилдиктер боюнча чыгарган чечиминин негизинде ректордун буйругу менен бекитилет.

**Жеңилдиктерди алыш үчүн бериле турган документтердин тизмеси**

**1. Тоголок жетим окуучулар жана студенттер үчүн: 50-100%**

- окуучудан жана студенттен университеттин түзүмдүк бөлүмдөрүнүн жетекчилеринин атына жазылган арыз;
- ата-энесинин өлгөндүгү жөнүндөгү күбөлүктүн кол тамга менен ырасталган көчүрмөсү же ошол студент өзү тарбияланган балдар үйүнөн тактама;
- туулгандыгы тууралуу күбөлүктүн көчүрмөсү;
- зачёттук китепченин күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсү;
- түзүмдүк жана профкомдук бөлүмдөн өтүнмө-мүнөздөмө.

**2. Жарды же толук эмес үй-бүлөдөн чыккан окуучулар жана студенттер үчүн: 20-50%**

- окуучудан жана студенттен университеттин түзүмдүк бөлүмдөрүнүн жетекчилеринин атына жазылган арыз;
- атасынын же энесинин өлгөндүгү жөнүндөгү же ата-энесинин ажырашкандыгы жөнүндөгү соттун чечиминин жана башка себептердин нотариалдык контора ырастаган күбөлүгү;
- туулгандыгы тууралуу күбөлүктүн көчүрмөсү;
- үй-бүлөнүн курамы жөнүндө тактама;
- үй-бүлөнүн кирешеси жөнүндө тактама же жумушка орноштуруу бюросунан ата-энесинин иши жок деген тактама;
- үй-бүлөнүн жардылык статусун ырастаган тиешелүү органдардын тактамасы;
- жергиликтүү же райондук өзүн-өзү башкаруудан өтүнүч;
- зачёттук китепченин күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсү;
- түзүмдүк жана профкомдук бөлүмдөн өтүнмө-мүнөздөмө.

**3. Көп балалуу үй-бүлөдөн чыгышкан окуучулар жана студенттер үчүн, табигый кырсыктарга кабылган региондордо жашаган студенттер үчүн, Чернобыль АЭСинде аварияга туш болгондордун балдарына, Кыргыз Республикасынын территориясында жана башка өлкөлөрдө согушка катышкандардын балдарына (чек ара аймактары): 20-30%**

- окуучудан жана студенттен университеттин түзүмдүк бөлүмдөрүнүн жетекчилеринин атына жазылган арыз;
- үй-бүлөнүн курамы жөнүндө тактама;
- үй-бүлөнүн кирешеси жөнүндө тактама;
- жашаган жеринен тактама;
- туулгандыгы тууралуу күбөлүктүн көчүрмөсү;
- жергиликтүү жана райондук өзүн-өзү башкаруу уюмунан, согуштук аракетке катышкандардын биримдигинен өтүнүч;
- Чернобыль АЭСинде аварияга туш болгондугу жөнүндөгү күбөлүктүн күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсү;

- Кыргыз Республикасында жана башка өлкөдө согушка катышкан деген күбөлүктүн күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсү;
- зачёттук китепченин күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсү;
- түзүмдүк жана профкомдук бөлүмдөн өтүнмө-мүнөздөмө.

4. **Ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген окуучулар жана студенттер үчүн: 20-40%**

- окуучудан жана студенттен университеттин түзүмдүк бөлүмдөрүнүн жетекчилеринин атына жазылган арыз;
- үй-бүлөнүн курамы жөнүндө тактама;
- үй-бүлөнүн кирешеси жөнүндө тактама;
- майыптыгы жөнүндөгү күбөлүгүн нотариалдык контора ырастаган тактама;
- түзүмдүк жана профкомдук бөлүмдөн өтүнмө-мүнөздөмө.

5. **Университеттин кызматкерлеринин жана окутуучулук курамынын (штаттагы) окуучу жана студент балдары үчүн: 20-30%**

- окуучудан жана студенттен университеттин түзүмдүк бөлүмдөрүнүн жетекчилеринин атына жазылган арыз;
- ата-энесинин иштеген жеринен тактама (И. Арабаев атындагы КМУда эмгек стажы 5 жылдан кем эместердин);
- үй-бүлөнүн курамы жөнүндө тактама;
- зачёттук китепченин күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсү;
- түзүмдүк жана профкомдук бөлүмдөн өтүнмө-мүнөздөмө.

6. **Жогорку спорттук көрсөткүчтөрү бар окуучулар жана студенттер үчүн: 20-40%**

- окуучудан жана студенттен университеттин түзүмдүк бөлүмдөрүнүн жетекчилеринин атына жазылган арыз;
- жогорку спорттук жетишкендиктерди жараткандыгын күбөлөндүргөн күбөлүктүн көчүрмөсү (спорттун мастери, спорттун мастерлигине талапкер, КР чемпиону, университетте окуп жаткан мезгилде Универсиаданын чемпиону);
- зачёттук китепченин күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсү;
- түзүмдөн, дене тарбия кафедрасынан жана башка спорттук мекемелерден өтүнүч-мүнөздөмө.

7. **Окуунун эң мыктылары жана университеттин бардык коомдук иш-чараларына өзгөчө активдүү катышкан студенттер үчүн: 10-30%**

- окуучудан жана студенттен университеттин түзүмдүк бөлүмдөрүнүн жетекчилеринин атына жазылган арыз;
- зачёттук китепченин күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсү;
- түзүмдөн жана Жаштар жана социалдык-маданий иштер боюнча бөлүмдөн өтүнүч-мүнөздөмө.

**“Макулдашылды”**
И. Арабаев атындагы КМУнун юристи
Кадырова А.Т.

______________________________